***Сияев Т.М.***

# ПРОФЕССОР Э. МАМБЕТАКУНОВДУН “ФОРМИРОВАНИЕ ЕСТЕСТВЕННО НАУЧНЫХ ПОНЯТИЙ У ШКОЛЬНИКОВ НА ОСНОВЕ МЕЖПРЕДМЕТНЫХ СВЯЗЕЙ” АТТУУ МОНОГРАФИЯСЫНЫН АКТУАЛДУУЛУГУНУН НЕГИЗДЕЛИШИ

Белгилүү болгондой илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары атайын жыйналган эмгектерде, конференциянын материалдарында жана монографияда берилет. Монография бул – аныкталган бир илимий маселеге арналган ири илимий эмгек болуп саналат. Адатта, монография бири илимий мекеменин бир канча жылдагы пландалган изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын камтыйт. Ошол эле учурда көрүнүктүү бир окумуштуунун калемине дагы таандык болушу мүмкүн. Ал жагдайда монографиянын авторунун аныкталган илимий изилдөөлөрдүн жый ынтыктарынын эң жогорку деңгээлде жалпыланган, аныкталган системага айландырылган илимий концептуалдуу эмгек катары жарыкка чыгарылат. Эгерде, илимий монография илимий изилдөөнүн чыныгы жаңылыгы болсо, анда ал улам кийинки илимий изилдөөлөрдүн башаты болот.

Кыргыз Республикасындагы көрүнүктүү окумуштуу, белгилүү дидакт, педагогика илимдеринин доктору, Кыргыз Улуттук академиясынын мүчө – корроспонденти, Кыргыз билим берүү академиясыны академиги, профессор Эсенбек Мамбетакуновдун “Формирование естественно научных понятий у школьников на основе межпредметных связей” аттуу монографиясы өз убагында жана зарыл учурунда жарык көргөн монографиялардын катарына кирет.

“Формирование естественно научных понятий у школьников на основе межпредметных связей” аттуу монографиянын жалпы мүнөздөмөлөрү төмөнкүлөр. Монография Бишкек шаарында Илим басмаканасында 1991 -жылы басылып чыгарылган. Анын көлөмү 240 бетти түзөт. Монографиянын жоопту редактору Россия педагогикалык Академиясынын мүчө корроспонденти, дүйнөлүк атакка ээ болгон, педагогика илимдеринин доктору, профессор Антонина Васильевна Усова болгон, ал эми эмгектин рецензенттери физика-математикалык илимдеринин доктору, академик Ж.Ж.Жээнбаев жана педагогика илимдеринин кандидаты, профессор И.Б. Бекбоев болушкан.

Монография киришүүдөн жана төмөнкү беш главадан турат:

глава 1. Методологические основы формирования и развития научных понятий.
глава 2. Состояние проблемы формирования понятий в теории и практике обучения.
глава 3. Межпредметные связи в формировании у школьников естественнонаучных понятий.
глава 4. Дидактические основы реализации межпредметных связей в формировании естественнонаучных понятий.

глава 5. Методика проведения и результаты педагогического эксперимента.

Монографиянын киришүүсүндө профессор Э. Мамбетакунов түшүнүк категориясынын маанисин В.И. Лениндин эки аныктамасын цитата келтирүү менен берген:

1. «Понятие – высший продукт мозга, высшего продукта материи»;

2. «Понять – значит выразить в форме понятий».

Профессор Э.Мамбетакунов Россия Федерациясынын белгилүү психологдору П. П. Блонский, Л. С. Выготский, Е. К. Войшвилло, П. Я. Гальперин, В. В. Давыдов, Е. Н. Кабановой-Меллер, А. Н. Леонтьев, Н. А. Менчинская, Ю. А. Самарин, А. А. Смирнов, Н. Ф. Талызина, М.Н. Шардаков жана башкаларды көрсөтүү менен бирге ал көрүнүктүү дидакт- окумуштууларды Н. М. Верзилин, Б. В. Всесвятский, И. В. Гиттис, М. Н. Скаткин, А. В. Усова, С. Г. Шаповаленко жана башкаларды көрсөтүү менен алар негиздеген аң сезим менен ишмердүүлүктүн биримдүүлү принцибин; эс тутум менен кептин, аныктамалардын ойлонуусунун байланыш принцибин; түшүнүктөрдү кабыл алууну жана колдонууну калыптоонун биримдүүлүгүн принцибин; түшүнүктөрдү калыптоонун этаптык теориясын; жалпы түшүнүктөрдөн жеке түшүнүктөрдү кабыл алуунун тенденцияларын; окуучулардын түшүнүктөрдү кабыл алуунун аныкталган этабындагы өз алдында атайын иштөөсүн уюштурууну жана башкаларды белгилеген. Андан соң түшүнүктөрдүн арсынан табыгий илимий түшүнүктөрдүн мааниси ачык айкын көрсөтүлгөн. Автор, табыгий илимий түшүнүктөрдү калыптоонун төмөнкү өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт: биринчиден, табыгий илимдердин объектиси болуп чыныгы материалдык чөйрө кызмат кылат; экинчиден, табыгий илимий түшүнүктөрдү кабыл алуу жалпы дидактикалык, материалистик көз караштарды калыптоодо зор мааниге ээ болот; үчүнчүдөн, жаратылыш жөнүндөгү илимдер түшүнүктөрдү калыптоодо колдонулуучу изилдөөнүн методдору менен тыгыз байланышкан; төртүнчүдөн, мектеп окуучуларында табыгый илимий түшүнүктөрдү калыптоодо предмет аралык байланыштын дидактикалык функцияларыны изилдебегендиги; бешинчиден, табигый дисциплиналарында жалпы түшүнүктөрдү калыптоодо предметтер аралык дидактикалык системанын даярдалбашын көрсөткөн.

Монографиялык эмгектин басылып чыгарылышынын объективдүү зарылчылыгы ошол убакыттагы орун алган карама-каршылыктарды белгилөө менен көрсөтүлгөн. Ал карама-каршылыктар төмөнкүлөр: материалдык дүйнөнүн биримдүүлүгү менен аны ар түрдүү предметтерде өз алдынча үйрөнүү; ар түрдүү предметтердеги кабыл алына турган билим жана билгичтик менен алардын адамдын практикалык ишмердүүлүгүндө комплексттүү колдонулушунун; жеке инсандын аң сезимининин жалпы калыптандыруунун милдетттери менен анын ар түрдүү окуу предметтенинде коомдун аң сезиминин тиешелүү формаларына чагылышы; мугалимдин түшүнүктөрдү калыптоодо предметтер аралык байланыштарды колдонуу муктаждыгы менен ал байланыштарды толугу менен ачып берүү, аны өз алдынча белгилөө жана колдонуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндө болушу жана башка ушул сыяктуу карама-каршылыктар.

Профессор Э. Мамбетакунов монографиялык изилдөөнүн негизги багыттарын абдан так жана кылдат көрсөткөн. Бул жагдайда изилдөөнүн төмөнкү багыттары белгиленген: илимий билимдер системасындагы илимий түшүнүктөрдүн ролун жана ордун аныктоо; түшүнүктүн түзүлүшүн логикалык, гносеологиялык категория катары кабыл алынышы; илимий жана окуу аң сезиминде түшүнүктүн пайда болушунун жана өнүгүшүнүн диалектикасы; мектеп окуучуларында илимий түшүнүктөрдүн калыптанышынын теориясындагы жана окутуу практикасындагы абалынын маселелери; табыгий илимий түшүнүктөрдүн калыптануусундагы предметтер аралык байланыштардын дидактикалык

функциялары; предметтер аралык байланыштардын ишке ашышынын дидактикалык системасы жана ал учурдагы түшүнүк менен жалпы билимдин, билгичтиктин жана көндүмдөрдүн калыптанышуу деңгээлинин жогорулашын аныктоо. Ошентип, монографиялык фундаменталдык эмгек – мектеп окуучуларынын табыгий илимий түшүнүктөрүн калыптоонун сапатына тектеш предметтерди өз ара байланыштырып изилдөөнүн таасирин аныктоого арналган.

**Адабият:**


1.Мамбетакунов Э.Формирование естественнонаучных понятий у школьников на основе межпредметных связей. Ответ.ред. А. В. Усова; Кырг. гос. ун-т. – Бишкек: Илим, 1991 г. – 240 с.; табл., илл.


***Рецензент: п.и.к. Чекирова Г.К.***